*УДК:82. 14*

***Тажиева А. Ө.***

**“ЭГЕМБЕРДИ ЭРМАТОВДУН ЛИРИКАСЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ”**

***Тажиева А. Ө.***

**“ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ ЛИРИКИ ЭГЕМБЕРДИ ЭРМАТОВ”**

***A. O. Tazhieva***

**ART FEATURES OF THE EHEMBERDY ERMATH'S LYRICS**

**Аннотация:** Макалада Э. Эрматовдун лирикасындагы чеберчилик маселеси жана андагы жетишкен ийгиликтери туурасында сөз болот.

**Негизги сөздөр*:*** реалдуу турмуш көрүнүшү, ички динамикалуулук, назик лиризм, күтүүсүз келген ар түрдүү жана бай рифмалар, кубулган ыргактар, оригиналдуу табылган туюнтуу каражаттары, бай лексикасы, ойлоо манерасы.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются вопросы мастерства в лирике Э. Эрматова и его достижение.

**Ключевые слова*:*** реальный взгляд на жизнь, внутренняя динамика, нежный лиризм, богатые рифмы, богатая лексика, манера думать.

**Annotation:** This article discussesskills E. Ermatov lyrics and his achievement.

**Key words:**a realistic view of life, internal dynamics, tender lyricism, rich rhymes, rich in vocabulary, style of thinking.

Акын Э. Эрматовдун поэзиясына өзгөчө көрк берип, жалпынын жандүйнөсү менен жашоо ышкысына жагымдуу маанай жараткан негизги темаларынын бири-махабат лирикасы. Махабат адам өмүрүн коштоп өткөндөй эле, бул тема акындын бүткүл чыгармачылыгын аралап, коштоп жүрүп отурат. Чындыгында да махабат адамдын бардык кубаныч, бактысына, жаркын мүдөө, жандуу аракет, жашоо кумарына ортоктош жашайт, ага жаңы дем берип шыктандырат, көмүскөдө жаткан шык -жөндөмү менен асылдык башталмаларын өнүктүрүп, кээде өзүн жаратып да салат. Ал ар кандай азап, арманга жолуктурса да түпкүлүгү менен жыйынтыгында бакыт таптырат. Анткени сүйүүнү баштан кечирүүнүн өзү бакыт. Акын дал мына ошол тереңдикти, махабаттын түбөлүк наркы, улуу аруулугу деп билет. Өткөн кылымдын 70-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын тематикалык жиктелишине кайрылып, сынчы К. Ботояров “... Эгер биз учурдагы поэтикалык(лирикалык) продукциянын тематикалык жиктелишине көңүл бурсак, сан жагынан алганда сүйүү ырлары биринчи орунда турат. Ага удаалаш ар бир ыр жазган адамдын туулган жери, ошол жердин айлана-чөйрөсүндөгү топонимдерге, жалпы эле тоого арналган ырлар кирет. Андан ары кайсы тематика аралаш, бири көбүрөөк, бири азыраак, айрымдары алгылыктуу, дурус, кайсы бири начар болгону менен “ар түрдүү жана ар башкача акындар” бүгүнкү кыргыз поэзиясынын тематикалык багытын бир топ кеңейтишүүдө. Сан жагынан гегемондук орунда турганы менен жогоруда аталган эки тематикага бириккен ырлардын сапаты алымсындырбайт”, -деп жазган. Сынчынын берген мүнөздөмөсү орундуу, тематикалык диапозон бир топ кең болгону менен сапаттык жагы терең эмес, башкача айтканда, акындар бир темага тереңдеп кирип, анын жеткилең образын түзүүгө изденбей, үстүрт, жалпылама мүнөздөгү ырларды жаратып жатышат[1]. Бул жагынан акын Э. Эрматовдо жаңылык бар. Буга анын тематикалык багыттарындагы

циклдүү ырлары далил боло алат. Акын тандаган темасына тереңдеп кирет, аны ар тапартуу изилдеп, бир бүтүн тыянак чыгарып, бүтүндөй конкреттүү образ түзөт. Ал поэтикалык образдын ачылышы акындын баштапкы чыгармаларынын тартып сүрөттөлүп, ар тараптуу ачылып, улам толукталган бир бүтүн чыгырма сыяктуу сезилет. "... Чын-чынына келгенде сүйүү ырларын көп жазууга эч ким каршы чыкпайт. А түгүл, тарыхта өз чыгармачылыгынжалаң ушул темага дээрлик бүт бойдон арнап койгон залкар акындар бар. Бирок алар махабат лирикасынын теңдешсиз үлгүлөрүн жаратыпкетишкен. Адатта мындай акындар деп Данте менен Петрарканын, Катуул менен Махмудду айтыбыз. Эгерде Катуул аны сүйүп калыш жалгыз ошого арнап махабат ырларынын көптөгөн мыкты үлгүлөрүн жаратпаса, анда биз мындан эки миң жыл мурда жашап өтүп кеткен эселек кыз Лесбия жөнүндө эмнени билет элек.

Дантенин Биатричеси, Петрарканын Лаурасы, Махмуддун Мариямы жөнүндө да ушундай эле ойду айтууга болот. Ал учурда махабатка карата мамиле башкачараак болгон окшобойбу! Кийинки эле Ромео менен Олжобайлар, Тахир менен Саринжилер, Тристандар менен Кулмырзалар азыр азайып кеттиби деп ойлойм. Анткени, учурда ар бир акындын кеминде ондон ашык "Лаурасы", андан ашыгыраак "Лесбиясы" жана "Биатричеси" бар. Ар бир жыйнагын барактап отурбаганда да бир эле китебинде кеминде он чакты кыз-келиндин атына арналган ырлардын ар биринде "сенден башка periште жок мен үчүн" деп онуна тең өпкө жүрөгүнчаап буркурап, "күйүп-сүйүп, жүргөн акындарыбыз көп", -деген сынчы К. Ботояровдун бул темадагы пикирине кошулууга болот. Чыныгы сүйүүнүн образынын ачылышы акындын өзү махабатка, махабат ырына айланып, өлөр-өлгүчө аздектеп, жашоосунун мазмунун, ошого байланыштырып күүгө салыш керек. Э. Эрматов бул темада өз нугун тапкан акын.

Ал сүйүү темасындагы чыгармаларында Чыгыштан орто кылымдын классиктери Фирдоуси, Жами, Саади, Фараби, Низами, Омар Хаямдардын, Батыштан Данте, Петраркалардын салттарын улоо, ошолордон келе жаткан бийик жөрөлгөлөрдү деңгээлинен түшүрбөй кармап баруу менен гана чектелип калган жок. "Эски" мазмуунду жаңы ыкма, жаңы форматка салып айтууну тапты, поэзиядагы эң улуу тема болгон махабаттын өзүнчө образын, анын бүгүнкү көз караштагы философиясын ача алды. Бул темада анын лирикалык каарманы байыртан келе жаткан түбөлүк жаш сүйүүнүн ээси болуу менен бирге бүгүнкү жашоо тагдыры, социалдык аабалы бар, бүгүнкү күндүн интелектисине ээ адам. Ал махабатты өзүнчө баалайт, өмүрдө бир жолу болчу бакытка, ошол бакыттын чындыгын текшерүүгө өтө тереңдеп келип карайт, аны бар табият сыры ачылчу эң бир татаал шарттарда чындап көргүсү келет:

*"Капылет өлсөм дүйнөгө кайра жаралаар*
*Миң түркүн жол бар, бир жолдун сыры табылаар.*
*Келермин мобу жарыкты сүйүп кумарлуу,*
*Оо, жарык дүйнө! Мажнунду мендей кабыл ал.*
*Кайрадан сүйүп өрттөйүн жүрөк, канымды,*
*Ичейин жыргап чыланган ууну, балыңды.*
*Оо, жарык дүйнө! Бүт барын кайра бере көр!*
*Жанар too кылып жараткын кайра жанымды".*

Акындын махабат ырлары махабаттын өзүндөй ысык, таза жүрөк, мөлтүр сезимден, ачык көңүлдөн табигый чыгат. "Алар сүйүш үчүн сүйбөй, сүйбөй коё албагандыктан сүйгөндөй, жазыш үчүн жазылбай, жазбай коё албагандыктанжазылгандай" терең таасир берет. Анын махабат дүйнөсү көп маанилүү, мазмуунга бай, татаал байланыштар, татаал

контрастар менен сезим толкундарынын гаммасынан турган сырдуу катмарлар[2]. Анда жарыкчылыкка кумар ышкын жаратып бийик оптимизм да, сыр жашырбас ажайып ачыктык да, көңүл буруп, жүрөк эңсеген жарыкчылыкта таап берген тапкычтык да бар.

“Поэзия-дейт Белинский, -артыкчылыгы бар турмуш, анын кулпурган мааниси назик эфир, ал турмуштун арысы менен бериси, кветессенциясы, кулпурган маңызы. Поэзия бактагы кулпурган роза гүлүн сүрөттөйт, анын жалаң заттык жагын алып таштап, анын жыпар жытын, назик өңүнүн кулпурушун алат да, ошолордон жаратылыштагыдан да башкача өзүнүн назик жана кооз гүлүн жасайт”. Акын Э. Эрматовдун сүйүү ырлары улуу сынчынын поэтикалык дүйнөжөнүндөгү көз караштарына төп келип, сезимдеги ташкындоо, кумарлануу, “бардыгын кучагыма сыйдырсам” деген эңсөө, махабаттын толуп ташышы сыяктуу жалындуу пафоско оронуп алган. Э. Эрматов 1995-жылы “Махабат” аттуу 430 беттен турган көлөмдүү ыр китебин чыгарган. Китептин ачылышынан эле андагы борбордук тема махабат экендигин дароо байкоого болот. Чыгарма менен баштан аяк таанышкандан кийин андагы негизги идеялык-тематикалык багыттын биримдүүлүгүн, атына заты төп келип тургандыгында, калемдеши, акын Ч. Айдаровдун сөзү менен айтканда. “... Махабатты Петраркадай даңазалаган акын” экендигине ынануу менен кыргыз поэзиясындагы сүйүү темасынын чечилишинин дагы бир көркөм дүйнөнүн жаралгандыгына ишенүүгө болот.

“Махабат”Э. Эрматовдун эң негизги чыгармачылык жүзүн, талантынын эргүү күч-кубатын көрсөткөн ыр китеп болгон. Адамда болгон сергек сезимдердин бардыгы биригип келип сүйүү деген улуу, бийик жана ыйык түшүнүктү пайда кылат. Акын мына ошондуктан бүт дит-туйгуларынын буйругу менен махабатты башкы тема кылып алган. Сүйүү бар экен дүйнө бар, жашоо бар. Акын сүйүүнү бөтөнчө бир эргүү менен, кан-жаны, кумар толо ынтызар-ышкы менен күүгө салат. Акындын сүйүү ырларынын табияты башкалырга окшобогон өңү-түскө, мүнөзгө ээ. Анын сүйүү ырлары жазгы көктөмдөгү нөшөр. Бирде шыбыргактап, бирде басаңдап, бирде шыбай-шыбай жер моокумун кандырып төгүлгөн жамгыр сымал, дүйнөнү жуундуруп, сергитип, тирүүлүктү, сулуулукту, сүйүүгө жетелейт. [1]

“... Сүйүүлөрдөн таң атат-дейт Э. Эрматов өзү. Сүйүү күчүнөн очоктордо от күйөт, казан кайнайт, тиричилик уланат, сүйүүдөн перзент төрөлөт, өмүр гүлдөйт. Сүйүүдөн бардык жакшылыктар, сулулуктар, улуулуктар жаралат... ” Сүйүү жүрөктүн оту. От жанмайынчажашоо жанданбайт. Байыркы грек философу Гераклит: “Дүйнө оттон жаралган, от менен бүтөт”, -деп айткан экен. Акындын ырлары да сезимдин отунан жаралган, өрттөй жанган туйгулардын жалыны сыяктанат.

Акын сүйүү темасындагы ырларын жаратууда ыр түзүлүшүнүн кайсы формасында болбосун шыдыр ыр курайт:

*“... Сени менен жолугушуп капыстан,*
*дирилдетип сезимимди өрттөдүм.*
*Кызыл таңды,*
*шүүдүрүмгө калып калган издерди,*
*Жана дагы кечкиргенде сенин кызылжоолугуңдай*
*Удургушуп күйүп кеткен булуттарды,*
*ууз кезди, балалыкты эстедим.*
*Бүлдүркөндөр бышып турган арыктардын бойлорун,*
*Мен өпкөндө ысып турган эриниңди ойлодум.*
*А чынында жаратказдан жалыңганым, тилегем:*

*“Эми мага ушул кыз*
*эч жолукпас болсо экен... ”*
*Сен турмушка чыккан жылы*
*Билесиңби, биздин дарак куурап калган түбүнөн”*
*“Сени менен жолугушуп капыстан”.*

Акындын поэзиясы нукура поэтикалык табияттуулугу менен менен айырмалынып турат. Алардан ашкере чеберчиликтен жаралаган кооздук байкалбайт. Поэтикалык ойлор жаңы, ошону менен бирге жөнөкөй жана табигый. Образ түзүүдө акын окурман күтпөгөн жактан келет, турмуштун кичинекей ирмеминен маани чыгарып, таасирдүү ойду айтат.

*“Жалбыз жыты... Жылдыз курт күйөт бизге*
*кучыгымда сен дир-дир. Жигит кезим.*
*Эриниңе эриним тийгизерде*
*Эрип кетти жумулуп кара көзүң...*
*Көйнөгүңдөн этегин шамал жулат*
*Чачың кара толкундап тарам-тарам...*
*Шыбырайсың: “ Койчу эми уят... уят!*
*Бетим –ий айылга мен кантип барам”.*
*Ошол замат унутуп айтканыңды*
*Чычымды улам уйпалайцт алаканың.*
*“Тез келем деп жеңеме ацтпадымбы,*
*Кетебиз... ”-деп чүрөгүм кайталадың!*
*Талдар күбө болду эле ошол түнгө,*
*Тагдыр, бирок кошподу экөөбүздү.*
*Тааныш мага от күйөт көздөрүңдө,*
*Ошол кезди сагынып өтөбүзбү?”*
*(“Жалбыз жыты”)*

Ошону менен бирге ар бир ырданакындын “Мени” ачык чагылып, анын сүйүү кылдарына илинген тагдыры, азабы, кайгы –кубанычы окурмандун көңүлүн түпкүрдөн козгоп, таасир бере турганкасиеттери менен бөтөнчөлөнөт:

*“Айтылды сөз. Баары бүттү. Сызылды.*
*Чыгып кетти босогодон токтолбой.*
*Бөлмө ичинде жыты калды атырдын,*
*Терезени ачканчакты жок болбой.*
*Кийиндим да бастым дүкөн тарапка,*
*Эстеп анын чачтарынын өрүмүн*
*Такылдаган туфлисинин үнүндөй,*
*Менден узап кеттиби бир өмүрүм.*
*Жүрөктү эми кою керек таш кылып...*
*Тамекини соруп кетипбаратам.*
*Күн күңүлдөп... бакта сацрап чымчыктар...*
*Көпөлөктөр учуп турат карасам... ”*

Реалдуу турмуш көрүнүшү. Көз алдыңа куду өзүңдүн башыңдан өткөн картинадай, ичтен сыздаткан, жолуң болбой калган сүйүүнүн элеси тартылат. Бөлмө ичинде калган атырдын жыты чын эле жыттанып, такылдаган туфлисинин үнү кулагыңа угулгандай таасир калтырат.

Лирикалык каармандын ушул таптагы абалын аяйсың, сүйүү менен тил табыша албады. Ал капаланды, тагдырына ичтен кейип, сызылды... Анан“ачууну ачуу басат” дегендейдүкөн тарапка жөнөдү. Жыйынтыктоочу куплетте лирикалык каармандын кескин чечими да көрүнөт: “Жүктү эми коюу керек таш кылып... ” Бирок куплеттин аяккы эки сабында мындай өзгөрдү- “Күн күңүлдөп... бакта бакта сайрап чымчыктар... көпөлөктөр учуп жүрөт... ” Бул лирикалык каарамандын миң толгонгон абалы, кайгысы, кубанычы, үмүтү, үзүрү... Менимче, адамдын психолгиясына кирүүнүн поэтикалык керемети ушундай даражада болуш керек[3]. Ички динамикалуулук, назик лиризм, күтүүсүз келген ар түрдүү жана бай рифмалар, кубулган ыргактар, оригиналдуу табылган туюнтуу каражаттары, бай лексикасы, эң башкысы, ойлоо манерасынын өзгөчөлүгү-ушулардын баары өз ара турумдашып келип, акындын өзүнө гана мүнөздүү, жеке өзүнчө гана тиешелүү көркөм дүйнөсүн түзөт. *Мисалга:*

*“Биз баскан эски көчөө*
*Калыптыр асфальттанып алда качан.*
*Жок анда биздин издер*
*Жанаша бара жатып,*
*Алмалуу бак жанында*
*Айланып жалгыз изге,*
*Көчөөдөн чыгып кеткен...*
*Кокустан жүрөгөмдүн түпкүрүнөн,*
*Мен сенин элесиңдитаптым дагы,*
*Кубанып, ыйларымды билбек калдым”.*
*Же:*
*“Мен сага жакшына уул төрөп берем”, -*
*Шыбырадың көшөгө аркасынан*
*Эң акырын ырдадың бешик ырын:*
*“Үйрөндүм, - деп, -секелек кезде апамдан”.*
*Терезени кең ачтым-көшүйт талаа...*
*“Мен сага жакшына уул төрөп берем”, -*
*бүт табият кайталайт кулагыма*
*Эркелеген, назданган үнүң менен.*
*Булуттардын сүйрөлүп этектери*
*Канап жатат ысыта нурлар өпкөн.*
*“Эне болуп жакында калам!”-дейсиң*
*көзүң албай тартылган көшөгөдөн... ”*

Эки башка формада жаралган бул ырларда ой элестүү, биринин артынан бири баш багып турган ички маанилер ыргактанат. Махабатка болгон түбөлүктүү тунук көз караш, аны аздектөө- бул ырлардын негизги мазмуну.

Акындын “Ак дил”, “Шаар жана тоолук”, “Өмүр издери”, “Туяк ыры”, “Саймалуу таш” атту ыр жыйнактарындагы сүйүү темасындагы ырлар аталган жыйнактардагы негизги темалардын бири болуу менен бирге, алар бири-бирин улаган, толуктаган, сүйүү жөнүндөгү философияны баштан аяк өнүктүрүп, турмушта бир бүтүн концепцияны сунуш кылган чыгармалар. Булардагы негизги ийгилик-ички мазмуундук, терендик поэтикалык ойду айтуудагы формалык жаңылык.

1995-жылы жарык көргөн “Махабат” ырлар жыйнагы андагы“Махабат саптары”- акындын жалындаган ышкы кумары менен тереңге да, бийикке да эркин чабыттап, көңүл

черин каалаганча жазып, акындык дареметин шаркыратып төгүп бергендей болот. Бул ыр түрмөктө фарсы-түрк, поэзиясынын кермет деми, Низами, Саади, Омор Хаям, фирдоуси, Жами, Навои сыяктуу улуу акындардын мукамдуу үнү сезилбей койбойт. Акын чыгыштын жазма поэзиясынын үлгүлүү нугунан азык алып, аны улуттук күүгө сала алган, сүйүү жөнүндөгү элдик поэзиянын, эл ырчыларынын ыргагын аны менен аргындаштырып бөтөнчө ыргак жараткан. Ыр түрмөктө сүйүүнүн гүлү, нигизи болгон аялзатынын асылзаадалагын, ички жана сырткы сулуулугун, адеп –ахлактык жактанөзгөчө бийик турган тазалыгын, адамгерчилик сапаттарын аздектейт. [4]

Түштүктүн Туяк, Молдо Нияз, Барпы өңдүү залкар акындары сүйүү лирикасын чегине жеткирип ырдашкан. Аларда өзүнчө таттуу тил, ыргак, назик лирика басымдуулук кылат. Акын Э. Эрматов да дал ушул ырчылардын уланган касиети бар. Ал ырларында алардын ыргагы менен, түштүк диалектисинин көркөм сөз каражаттарын профессионализмдин чегинде колдонуп, чыгармаларына өзгөчө боёк берип, окуучуга жагымдуу маанай тартуулайт.

*“Көздөрүң жовар, кайдагы нурлар катылган?*
*Жийденин жыты бур этет кара чычыңдан.*
*Кылчайып карап дардисар кылдың дардисар,*
*Азада боюң алоо от беле асылжан?*
*Дегдетип мынча жүрөктүн алдын ышкысын,*
*Сени да Кудай илдетке шундай туш кылсын!*
*Көрүнчү кайра-оромол салып гүлү жык,*
*Көрүнчү жаным көйнөктүн кийип туштусун”.*
*(“Махабат саптары”)*

Акын пайдаланган диалектилик сөздөр-ичкилик кыргыздардын көркөм сөз каражаттары, булар элдик чыгармаларда, ырчылар поэзиясында арбын учурайт. Бул ичкилик диалектидеги көркөм сөздөрдө өзгөчө маани, боёк болчу касиеттер бар. Ал поэзияда ички лиризмди күчөтөт, сүрөтөөдө ичкилик элдин салт-санаа, үрп-адат, жүрүш-туруш көрүнүштөрүнө ылайык, жарашыктуу ачып берүүдө бөтөнчө эмоционалдуу келет.

Канчалык болсо да, кайсы улуттан болсо да поэзияда өзгөчө саптарды жараткан акын-таланттуу акын. Акын Э. Эрматовыдун “Махабат саптарында” кайталангыс саптар арбын. Омоктуу ойлорго, жагымдуу лирикага, таттуу романтикага бай саптар биринен бири өзгөчөлөнүп жаңырат, сезимди тазартып, көңүлгө төп келип турат.

*Мисалга:*
*“Бейажал кырсык бөлбөсүн бизди, азадам”*
*Жанымда жүрсөң өзүмдөн өзүм тазарам.*
*Зыярат кылчу аярым сенсиң аламда,*
*Куну учуп такыр абийирден кетти бул заман”.*

Акындын махабат ырлары бир жылт этип өчүп калчу келди –кетти сезимдерден кокус жаралган ырлар эмес, ар бир адамдын тагдыры менен биографиясына чындап кирип, өмүр бою кошо жашап өткөн асылкеч жароокерге деген акындынурмат-сыйы, аруу сезими, ага багыштаган арзуу тилегинен жаралган өзүнчө бир бүтүндүк, ички биримдиги бар чыгармалар.

Анын тээ балалыктан сүйүү отун жандырып, түбөлүктүү махабат ырларын жаздырган асылзаада жан-айтылуу Исфайрам боюнча айылдардын биринде бой жеткен уяң, жалпыланган образдагы кымча белАзада деген кыз. Аны менен лирикалык каармандын ортосундагы жетишпей калган сүйүү. Муну эстебесе болбос.

*“Жаз эле... коңшу бир айылга мен*
*Жоголгон сур эчкини издеп келгем.*

*Ак мойнок итин тосуп татана кыз,*
*Күлдү дап жүрөгүмдү тыз эттирген.*
*Ал мени теңине албай баса берди,*
*негедир каным кызып таша берди.*
*Унутуп сур эчкини, бу дүйнөнү,*
*ошол кыз болду мага жошоо эми.*
*Тымызын көкөрөктөн булак акты,*
*Күлүксү ээлеп калды балалыкты.*
*Ырдалбай же шаңшыбай ушул ыргак.*
*айылда калды ошол кара бактуу.*
*Өмүрдө андай обон табылбады.*
*Ал кыздай азыргыча жаңырбады.*
*Түтөктөп агып жаткан кашка булак*
*бүтпөдү, мөлтүр көзү жабылбады...*
*Таптакыр колго кирбей өжөрлөндү,*
*кыдырып чыктымдалай чоң өлөкөнү.*
*Бир аваз кулагыма шыңгыр этет,*
*кылактайт ак көйнөгү, атакөрү.*
*... Бул ооз ачпас сырым эле*
*Жашоода жандап жүргөн ырым эле.*
*Үйлөндүм, балдарым бар шам чырактай,*
*Бул ыргак бүтпөйт окшойт бул дүйнөдө... ”*[5]
*(“Бүтпөгөн ыргак”)*

Ууз сүйүү-ар кандай адамдын тагдырында (эгер туш болгон болсо) эстен кетпей турган сүйүү. Анткени анда дүйнөнү тунук караган өзүнүн балалагы да бар. Көп жылдар бою шаарда жашап жүргөн акын туулуп-өскөн, балалыгы өткөн, алгач кыз сүйгөн айылына барганда жандүйнөсү кайрадан жаңырып, сүйүүсү оттой жанып кайтат. Бул анын сүйүү темасындагы ырларын туюнтуп, сүйүү сезимин ого бетер курчутуп турган.

“Сүйбөгөн адам айбандан айырмасы жок” деген экен орус акыны А. Блок. Сүйүү сезими ойногон, аны аздектеп, кастарлаган адам-асыл адам. Акын Э. Эрматовдун “Махабат саптары” ыр түрмөгүндө сүйүүнүн түркүн жактары –кумары, жан кейиткен азабы жана башка жактары образдуу, сезимге таасир этерлик даражада ачылат.

*Миң жолу айттым: “Болду эми, жетет, муздадым!*
*Сүйбөгүн аны, жүрөктөн такыр сыз барын... ”*
*Таң атса кайра унутуп эңсей беремин,*
*Сүйүүнүн катаалбороонун, чапкын, ызгаарын...*
*Кайрадан кумар ташкындап жээк жемирет,*
*Самсыган санаа жүрөктүн четин кемирет.*
*“Болду эми, аны сүйбөймүн!” деген ачуу кеп*
*Кайрадан эле айтыла берет миң ирет”.*

Акын сүйүүнүн образын түзүүдө жароокер сулуунун көз кумарын кандырган керемет портретин тартат. Анын ак маралдай сымбаты, ай чиймек кашы, кундуздай олоң чачы, жоодураган көзү, ширин сөзү, шыңгыр булактын үнүндөй күлкүсү, гүлкайырдай буралган кымча бели көз жоосун алат да, көргөндүн көңүлүн өзүнө жипсиз байлайт... Аялзатынын сулуулугун көрсөткөн теңдешсиз касиеттердин бири –анын чачы, акын бул сулуулукту акындык сезимтал жүрөгү менен тереңден туюп, таазим кылат, суктанат:

*“Чок салдың анык. Кызырып күйөт ошол чок.*
*Жүрөгүм ыйлап турганы менен ишиң жок.*

*Өрүлгөн чычың тор болду мага жайылган,*
*Кай жакка барсам, бастыра койбой жол тосот".*
*"Ышкыңа сенин күйбөгөн пенде бар бекен?*
*Кош өрүм чачың-куюлган дайра желкеңден.*
*Ажардуу карап азгырып, арбап сүйлөйсүң,*
*Сурайыл болсо суктанып жерге бир келген".*

Ыр саптарынан акындын рухий маданиятынын кеңдигин сулуулукка, жалпы эле жашоого, тирүүлүккө мамилесинин терең экендигин, сөз чеберчилигин, сезгич дүйнөсүн билүүгө болот. Ыр саптарындагы көркөм сөз каражаттары, алардын ыргактагы төп келиши, ички сезимди чыгылдыруудагы, сүрөттөлүп жаткан заттын касиеттеринин көмүскөдө турган жактарын ачып берүүдөгү сөз кудурети поэтикалык бийик даражага көтөрүлө алган.

"Махабат саптарында" ой ырааттуу түрмөктөлүп, сүйүүнүн образы терең психологизмдин чегинде, деталдаштырылып түптөлүп, ачылып көрсөтүлөт. Сүйүүнүн албуут табияты менен лирикалык каармандын ал-абалы, тагдыр-мүнөзү жуурулушуп ажырагыс бирдиктүү бир идея берилет. Ыр түрмөк баштан-аяк үзүлбөгөн ойдун чынжыры, бир бүтүн татаал сюжеттүү чыгарма катары туюлат.

Эки жүз саптан турган"Махабат саптарынын"бир жеринде да солгун салыштыруу же жалган сезим жок, акын өмүрдүн машакаттуу бактысын жүрөгүнүн тереңинен эргип күүгө салган. Ыр сартарынан акындын өзү криптер болгон ашыглык отун басаңдатпай, ошол оттун чоктой илеби менен улам эргиген, комуз кылдарындай күүгө келген маанайын туябыз.

Поэзия бул жаңы дүйнө, жаңы туюм, ал сен эңсеп, бирок жете албай жүргөн табылга, ал сага жаңы дүйнөнү ачып берет, дүйнөгө көз карашыңды өзгөртүп, жаңы төрөлгөн наристедей өмүр тартуулайт. "Махабат саптары" мына ушундай касиетке ээ болгон чыгарма. Сүйүү-бул чоң үмүт. Эртеңки күнгө кадам. Жашоого ынтызар, кумарлуу көз ирмем менен кароо. Мына бул ыр саптарынан эрудициялуу, майтарылбас каармандын мүнөзү чагылат:

*"... Эмне кыл дейсиң, акыры буйрук өлүмбү?*
*Сүйөмүн –деп кой мен бузуп чыгам көрүмдү".*
*Булактай тунук агылып турам шыңгырап,*
*Гүлзарга бөлөп беремин боппоз чөлүңдү".*
*"Назарым түшөт үлбүрөп өскөн чөптөргө,*
*Айтышат алар: "Махабат жазы –ушул жаз!*
*Каныңды өрттөп, алаамат кылат бул дүйнө... "!*

"Махабат саптары" ыр түрмөгү өзүнчө ички логикалык жактан кадимкидей тагдыры белгилүү болгон лирикалык каарманы бар, окуя көркөм чечилиштин мыйзам ченеми менен аяктаган бир бүтүн чыгарма. Андан ниети наристедей таза, сүйүүсүн чаң жугузбай аруу сактай алган, бийик сезимдер менен сүйө билген, өзү да ошондой сүйүүгө арзыган, рухий саламаттыгы тазы, кең жүрөк бир гумандуу адамдын образын көрөбүз.

*"Биз кетсек артта безилдеп ушул ыр калат,*
*Ырыбыз биздин кыйырга чейин таркалат.*
*Биз, балким, шондо айланып эки жылдызга,*
*табышмак болуп күйөбүз көктө жаркырап.*
*... Ишенем кээде өлүмдөн кийин уланган,*
*өмүр бар чексиз сүйүүгө толсо кумаржан.*
*Жанар тоо болуп сезимиң турса атылып,*
*канатың жайып бийикке эркин уча алсаң...*
*Сени деп, ырдап тозокко түшсөм мейли мен,*
*тааныштар айтат: "Бузулуп кеттиң пейлиңен... "*
*Ашыглык үчүн арнадым жанды. Бул ырлар-*

*Кагазда калган жүрөктүн каны –бешбейнем”*, - деп сүйүүнүн улуулугун, аны даңазалоого арзыган өз тагдырына, талантына ыраазылыгын жашырбайт.

Акындын бир кезде: “Тагдырын жазбаган акындан жугумдуу ойлорду, жүрөктү селт эттирген поэтикалык эргүүлөрдү табуу кыйын”-деп жазганы бар. Акын өз тагдырынын портретин гана эмес, көз карашынын портретин тартат. Эрматовдон Эрматовду гана көрүүгө болот. Ошонусу менен акын бизге кызык, ошонусу менен акын бизге татаал суроонун жандырмагындай туюлат. “Мейкиндикке сыйбаган көк желе”Э. Эрматовдун жандүйнөсүнүн чыркыраган чындыгы, сүйүү ааламынын орбитасындагы ойлордун чаташы, сезимдер метафорасы.

*“Миң жолу каргыш шаарга,*
*жолуктурган мени сага!.. ”*

Акын бул көлөмдүү поэмасында адамдык сезимдерин даңазалоо менен, анын кайра бастырбаган ички толгоолорунда сүйүүнүн жанар тоосу алда канча күчтүү, ал бул поэмасында сезим туйгуларынын татаал “сферасын”жараткан, ошону менен бирге акыл – эс чыңылуусун оожалып каптап бараткан урбинацияга каршы коюп, ошол тиричиликтин улуу чаңынан сезимдин үлбүрөк гүлүн көкөрөк жылуулугу менен адамдын жашоо турмушуна батыл киришип бараткан цивилизациянын көрүнүшүнө ыйманды каршы коёт. Акындын сүйүү темасында жазган алгачкы поэмасынын “Мейкиндикке сыйбаган көк желе”деп аталышынын өзү эле позитизациялоонун жаңы мейкиндигине чыгып, ойлоонун жаңы чектеринен кабар берип тургансыйт. Нигзги тема кадимки эле жашоо, сүйүү, турмуш маселелери болсо да, ал бүгүнкү үкндүн мүнөзү, ой –аракеттери менен актуалдашат, автор өз поэтикасына учурдун тибийгый гармониясын масштабдуу сыйдырып, теманы чечемелөөдө көркөм ой жүгүртүүнүн башкача арсеналын түзөт. Акындын эркин ыр формасында жараткан экинчи бир поэмасы- “Останкино, мен адашкан от”. Чыгарма “Мейкиндикке сыйбаган көк желе” поэмасынын мотивин улантат, ал дагы философиялык-ашыктыкой тогоолордон туруп, лирикалык маанайда жазылган. Чыгармада сүйүүнүн татаалдыгы, акыйкаттуулугу, өлүм, өмүр, жашоо-тагдыр концепциялары менен жуурулуша берилет да, сүйүүгө болгон мамиле, түшүнүктөр тереңдетилет. [6]

Жыйынтыктап айтканда акын сүйүүнү бийик идеялык биримдик катары көрсөтөт. Сүйүү анын поэзиясында жашоонун, тирүүлүктүн, бардык жаралуулардын башаты, булагы болуп көрүнөт. Ал тынчтык, амандык, достук, ден соолук, мээр акыбет, сый-урмат, адамгерчилик сыяктуу улуу түшүнүктөрдүн башында турган жашоонун кыймылдаткыч күчү, адамзаттын түбөлүккө түгөнбөс улуу руху катары сезимге чагылат. Акын сүйүүнүн образын көп кырдуу, терең түшүнүк, көз караштар менен жеткилең ачып берет. Сүйүүнүн образын ачууда акын көркөм поэтикалык бийиктикке чыгат, дүйнөнү чарк айланып, түрдүү ыргактар менен жуурулушуп, сүйүүнү даңазалоонун өзгөчө обонун табат, аны эне тилинин ыргагындадүйнөгө жар салып ырдайт.

**Адабияттар:**


1. Э. Эрматов “Махабат”:тандалмаырлар, поэмалар-Бишкек., 1995-жыл.
2. Э. Эрматов “Ак дил”: ырлар жана поэмалар (жаштарүчүн) –Фрунзе., Мектеп, 1979-жыл.
3. Э. Эрматовдун чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. –Бишкек. Бийиктик. 2011-жыл
4. Э. Эрматов “Исфайрам авазы: (ыр түрмөктөр)- Бишкек. 2007-жыл
5. Э. Эрматов “Шаар жана тоолук”: ырлар, поэмалар –Фрунзе. 1993-жыл.
6. Э. Эрматов “Мени издесең ырларымдан табасың”: макалалар, маектер, адабий сын пикирлер. – Бишкек. Турар басмасы. 2013-жыл.

**Рецензент: к. филол. н., профессор Дюшенбиева А. О.**

**________________________________**